## Талас облустук сотунун төрагасы Мирлан Боромбаев:

# «Соттор коомго ачык айкын болууда»



**-Мирлан мырза, коомдо сот системасындагы реформалар боюнча эки түрдүү пикирлер, анын ичинде сындар да айтылып келет. Деги эле реформа процесси жүрүп жатабы?**

-Өлкө Президентинин Жарлыгынын негизинде 2012 –жылдан баштап сот реформасы жүргүзүлүп жатат, айта кетсем бул сотторду тандоо кеңеши, Соттор кеңеши институттары түзүлгөн. Ошол эле учурда мезгилдин талабына ылайык жаңы мыйзамдар кабыл алынган, бул, кодекс жана 2 мыйзам жаңы киригизилген. Анын ичинен Жарандык –процесстик, Административдик- процесстик, Жазык, Бузуулар жөнүндө жана Жоруктар жөнүндө кодекстери. Мындан тышкары Пробация жана Медиация жана жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча соттук коллегиясында 2020-жыл ичинде райондук жана шаардык соттор тарабынан 285 жазык иш, 241 жоруктар жөнүндө иштер, ал эми аппелляциялык инстанцияда 23 жазык иш, 15 жоруктар жөнүндө иштер жана 24 соттук материалдар каралган.

Ал эми Талас облустук сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясында 2020-жыл ичинде биринчи инстанция соттору тарабынан 1591 жарандык иш, ал эми аппелляциялык тартипте 105 иш каралган.

Ошондой эле, Талас облустук сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясында 2020-жылы Талас областынын административдик соту тарабынан 140 иш, 96 административдик иш, 24 экономикалык иш жана 20 соттук материал каралган, ал эми аппеляциялык тартипте 24 административдик иш, 4 экономикалык иш жана 1 соттук материал каралган.

Бул көрсөткүчтөр 2020-жылы өлкөдөгү оор кырдаалга байланыштуу сотто иштердин саны 2019-жылга салыштырмалуу азайган.

**-Жарандардын ишеничин актоо үчүн сиздер тараптан кандай чаралар көрсөтүлүүдө?**

-Баардыгыбызга маалым болгондой бүгүнкү күндө бардык мамлекеттик органдарды санариптештирүү иштери кызуу жүрүп жатат, сот тармагы бул жааттан артта калган жок. Бизде ар бир сот отуруму өтүлүүчү залдарда АВФ деп аталат (аудио жана видео жазуу) түрү колдонулуп калган. Бул колдонууга киргсн жаңы кодекстеринде да белгиленген, ар бир каралган жазык жана жорук жөнүндө иштери боюнча аудио жана видео

мыйзамдары колдонула баштаган.

2019-жылдан баштап мамлекетибиздин бардык органдарында санариптештирүү иштери жүргүзүлүүдө, анын ичинде сот тутуму дагы санариптештирүү иштерин жүзөгө ашырууда. Бул эмненин белгиси, сот тутумунун ачык айкындуулугу, башкача айтканда соттун өндүрүшүнө түшкөн бардык иштер жана материалдар автоматташтырылган маалымат системасында (АИС) каттоодон өтүп, АРД программасы аркылуу автоматташтырылган түрдө судьяларга бөлүнөт. Эгерде мурда иштерди соттун төрагасы бөлүштүрсө, азыркы учурда автоматташтырылган программа өзү бөлөт.

Андан тышкары, соттордун чыгарган актыларынын баары автоматташтырылган маалымат борборуна киргизилип, sot. kg. сайтына жүктөлөт, ар бир жаран кайсы сот тарабынан кандай соттук актысын чыгарганын билип турууга мүмкүнчүлүк берилген. Ошондой эле, ар бир соттун өзүнүн сайты ачылып, бардык жаңылыктар менен таанышууга мүмкүнчүлүк берилет.

**-Сотто сөзсүз эле бир тарап наразы болот эмеспи. Ошондо наразы тарапка да толук маалымат алууга шарт түзүлөт турбайбы?**

-Албетте сиз айткандай наразы тарап "менин айткан сөздөрүмдүн баары протоколго түшпөй калыптыр, сын пикир келтирет элем, мен башкача сүйлөдүм эле, анан башкача жазылып калыптыр" –деген дооматтарды айткан кезде стенографияны колдоно алышат.

**-Жакында жыйынтыктоочу кеңешме өткөрүлгөн экен, ошол боюнча кыскача маалымат берип коёсузбу?**

-Ооба, жакында 2021-жылдын 11-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрайымынын милдетин аткаруучу Нургүль Бакированын онлайн катышуусунда Талас облусунун жергиликтүү сотторунун 2020-жылдагы ишмердүүлүгүн жыйынтыктоочу кеңешме өткөрүлдү.

**-Талас облустук сотунда каралган иштердин көрсөткүчтөрү тууралуу кененирээк айтып бересизби? Кеңешмеде сөз болгон чыгаар?**

-Талас облустук сотунун жазык иштери жазуу жүргүзүлүүсү абзел. Бул жерде тараптардын берген көрсөтмөлөрү эч кандай фальсификация болбойт дегенди, жана сот отурумунун өтүшүнүн ачык-айкындуулугун билдирет. Анын сөздөрү так жана туура жазылат жана берген көрсөтүүлөрүн танууга жол берилбестиги кепилденет. Ошол эле учурда кийин көрсөтмөлөрдү кайрадан изилдегенге мүмкүнчүлүк берилет. Бул бир жагынан иштин катышуучуларына соттук отурумда тартип бузууга, көрсөтмөлөрүн өзгөртүүгө жол бербестигин билдирет.

**-Соттор тарабынан адилеттикти жүзөгө ашыруудан тышкары башка иш-чаралар аткарылабы?**

Жакшы суроо болду, албетте соттор иштерди кароодон тышкары, коомдук иштерди да кошумча алып барууда. Мисалы, айта кетсем алдын ала кылмыштарды болтурбоо максатында судьялар ар бир мектептин окуучулары менен жолугушууларды өткөрүү менен бирге мыйзамдарды түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келүүдө. Мындан тышкары, "Теңир колдоо" мүмкүнчүлүгү чектелген балдар мекемесине, мектеп-интернат окуучуларына дагы материалдык жана финансылык жагынан жардам көрсөтүлүп келүүдө.

**-Ал эми башка мамлекеттик органдар жана коомчулук менен дагы иш алып барасыздарбы?**

-Албетте, башка мамлекеттик органдар менен дагы жолугушууларды өткөрүп турабыз, себеби бардыгы эле мыйзамдын туура колдонулушун биле бербейт да, ошол себептен кабыл алынган жаңы мыйзамдардын колдонулушу боюнча түшүндүрүү иштери да жүргүзүлөт. Мисалга алсак аксакал соттору, пробация, медиация кызматкерлери менен байма-бай жолугушуулар өтүп турат.

Мындан тышкары, жарандарга дагы мыйзамдарды түшүндүрмө берүү үчүн биз, соттор телевидение аркылуу чыгышып, журналисттер менен дагы маектерди куруп, жалпыга маалымдоо каражаттары менен кызматташууну күчөтүп жатабыз.

Себеби айкындуулук коомчулукта ишенимди арттырып, бекемдейт.

**-Маанилүү маегиңизге чоң рахмат!**

**К.КУШУБАКОВ.**